ВЕСТНИК

ЖАРЧЫСЫ

BULLETIN

# И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ

АТАЙЫН ЧЫГАРЫЛЫШЫ

СПЕЦИАЛЬНЫЙ ВЫПУСК

# ВЕСТНИК КЫРГЫЗСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА имени И.АРАБАЕВА

SPECIAL ISSUE

# BULLETIN KYRGYZ STATE UNIVERSITY NAMED AFTER I. ARABAEV

«Манастаануунун, кыргызтаануунун жана ата-мекен тарыхынын актуалдуу маселелери»
ЭЛ АРАЛЫК ИЛИМИЙ-ПРАКТИКАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯСЫ

МЕЖДУНАРОДНАЯ НАУЧНО-ПРАКТИЧЕСКАЯ КОНФЕРЕНЦИЯ
«Актуальные проблемы манасоведения, кыргызоведения и отечественной истории»

INTERNATIONAL SCIENTIFIC AND PRACTICAL CONFERENCE
«Actual Problems of Manas Studies, Kyrgyz Studies and National History»

ISSN 1694-7851

2019

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

# И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН

# ЖАРЧЫСЫ

## И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ

**1999-жылдан тартып чыгат**

**АТАЙЫН ЧЫГАРЫЛЫШЫ**

Көрүнүктүү тарыхчы, КРнын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, тарых илимдеринин доктору, профессор **Ташманбет Кененсариевдин** 70 жылдык маарекесине арналган **“Манастаануунун, кыргызтаануунун жана Ата-Мекен тарыхынын актуалдуу маселелери”** аттуу

**ЭЛ АРАЛЫК ИЛИМИЙ ПРАКТИКАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯЙЫН**

**МАТЕРИАЛДАРЫ**

**Бишкек - 2019**

# МАЗМУНУ

## МААРАКЕ ЭЭСИНИН ӨМҮРҮ ЖАНА ИШМЕРДИГИНЕ КАРАТА ЖАЗЫЛГАН МАКАЛАЛАР, КААЛООЛОР


**Абдрашев А., Шейшеканов Т.**
Профессор Ташманбет Кененсариев – курсташтардын сыймыгы!!! ..........

**Алымбаев Ж.Б., Авазов Э.А.**
Устат жөнүндө учкай кеп ..........

**Абдуллаев М.**
Қирғиз тарихчиларининг сардори ..........

**Арстанов С.**
Профессор Ташманбет Кененсариевдин оштогу педагогикалык жана илимий ишмердүү

**Байас Турал**
Тарыхка тактык киргизген окумуштуу ..........

**Жаркынбаев Т.**
Устатымдын талыкпаган илимдеги изи ..........

**Молдокасымов К.**
Агай тууралуу алгы сөз ..........

**Момбекова Ж. К.**
Менин мыкты студентим, белгилүү окумуштуу жана педагог Ташмамбет Кененсариев

**Субакожоева Ч.**
Кызматы кымбат, өтөлгөлүү өмүр .......... 33

**Чоротегин Т.**
Кокон тарыхын жаңыча жазган агайга алкыш сөз .......... 34

**Шамсутдинов Р. Т.**
Тарихимиз баҳсида чиниққан дўстлигимиз тарихидан кичик бир лавҳа .......... 40


## ИЛИМИЙ МАКАЛАЛАР


**Абдуллаев М. Г.**
Кулацкие спецпоселки в Киргизской ССР (1941-1945 гг.) .......... 45

**Абдырахманов Т.А., Каратаева С.К.**
"Манас" эпосунун контенти кыргыз тарыхынын өнүгүү этаптарынын маалыматтамасы катары .......... 51

**Абдусатар кызы Ш.**
Мурат Салихов жана анын ишмердиги .......... 58

**Авазов Э.А.**
1916-жылдагы көтөрүлүш: жабык жыйындын жагдайы .......... 64

**Айталиева Т.К.**
Манас баатырдын тулпары Аккуланын сүрөттөлүшү .......... 69

**Айталиева Т.К.**
"Алоокенин кыргыздарды чабышы" аттуу эпизоддун баяндалуу өзгөчөлүгү ......75

**Алымбаев Ж.Б.**
Кыргызстандын постсоветтик доорунун тарыхнаамасындагы профессор
Т.Кененсариевдин изилдөөлөрү ......81

**Алымбекова В.**
Улуу жибек жолунун азыркы өнүгүшү жана Кыргызстан ......87

**Анарбаева Г.**
Кубат бий кушчу жөнүндө сөз ......91

**Анарбаева Г.А.**
Кыргызстанда 2010-жылдарда парламентаризмдин өнүгүү өзгөчөлүктөрү ......96

**Анарбекова В.Э.**
Кошоктор боюнча айрым азыркы талаа материалдарынын өзгөчөлүктөрү ......100

**Арзыбаев Т.К.**
Абулхайр, Жаныбек казак хандарынын мезгилиндеги уруулар
тарых булактарында (XV к.) ......105

**Асанканов А., Эркебаев А.**
Межэтнические отношения в некоторых районах Ошской,
Джалал-абадской областях, г. Ош и деятельность Временного Правительства
Кыргызской Республики (апрель-июнь 2010 г.) ......109

**Байас Турал**
Аксыкен же Ахсы шаарынын аталышы жана негизделишине байланышкан ойлор ......121

**Бердибекова М. С.**
Ч.Исабаев - реформатор-музыкант, новатор-педагог ......130

**Жаркынбаев Т.Ж.**
Эки доордун чыгаан каармены ......136

**Жоошбекова А.Р., Чыныкеева Г.Э., Абдувапова А.Т.**
Кыргызстандын түштүгү: учур жана этнодемографиялык өнүгүү ......141

**Жусупова М.М.**
Аскер башчы алымкул асан бий уулунун саясий ишмердүүлүгү ......146

**Зулпуева Р.Ж.**
Азыркы кыргыз коомунда жарандык коом теориясынын негиздери жана анын өнүгүүсү ...152

**Кадыров М.**
Совет өкмөтү жана ислам дини ......156

**Каратаев О.К.**
О происхождении титулов "каган" (Qagan) и "жабгу"(Yabgu) ......162

**Кожобеков М.Ч.**
Кыргыз маданиятынын таралыш алкагы ......175

**Нусубалиева Г.**
Улуу «Манас» эпопеясындагы «өмүр», «өлүм» феномени ......18

**Өмүрзакова Т.**
Санжыра – көчмөн элдердин тарыхында тарыхый булак катары
(тарыхый- теориялык анализ) .......... 185

**Сабиров М.Э.**
Молдо Нияздын чыгармачылыгы жана кыргыз тарыхы .......... 190

**Сагынбай кызы Н.**
Эгемен Кыргызстандын айыл чарбасындагы социалдык-экономикалык маселелер .......... 195

**Сапаралиев Д.Б.**
Кара кыргыз хандыгы Борбордук Азиядагы эл аралык мамилелердин субъектиси
(XVIII-XIX к.к.) .......... 200

**Субакожоева Ч.Т.**
Сказитель Жусуп Мамай .......... 213

**Тагаев М.**
Кокон хандыгында бийликти генеологиялык легитимдештирүү маселеси .......... 221

**Токтакунова Ж.**
Манастагы экофилософиянын этномаданий аспектиси .......... 228

**Токтогулова Г. Т.**
XX кылымдын башындагы кыргызстандын түштүгүндөгү
алгачкы баштооч мектептердин калыптануу тарыхынан .......... 232

**Торогельдиева Б.**
Стратегии и стратагемы в истории кыргызов .......... 237

**Умарова М.К.**
Кыргызстандын түштүгүндөгү алгачкы педкадрларды даярдоонун очоктору
жана алардын ишмердиги .......... 242

**Халматов К.**
Фергана өрөөнү: Тарыхый-этнографиялык проблемалар
(окумуштуу Т.Кененсариевдин изилдөөлөрү боюнча) .......... 245

**Шейшеканов Т.Б.**
1916-ж. Кыргызстандагы азаттык көтөрүлүшүнүн эгемендик доордогу тарыхнаамасы .......... 252

**Эркинбек кызы М.**
Эгемендүү Кыргызстандагы улуттук иденттүүлүктүн калыптанышы .......... 258

Анарбеков
т.и.к., доцент м.а Илимий из
медициналык социалдык инст
Жалал

## КОШОКТОР БОЮНЧА АЙРЫМ АЗЫРКЫ ТАЛАА МАТЕРИАЛДАРЫНЫ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

## ОТДЕЛЬНЫЕ ПО СОВМЕСТИТЕЛЬСТВУ ОСОБЕННОСТИ ПОЛЕВЫХ МАТЕРИАЛОВ ПРИЧИТАНИЙ

## SEPARATE PART-TIME THE CHARACTERISTICS OF FIELD MATERIALS LAMENTATIONS

**Аннотация:** Сунуштальш жаткан макалабызда кыргыз элинин салттык мадан кошок жанрын Ош жана Жалал-Абад дубандарындагы эл арасынан жыйноо учурунда е деп табылган материалдар баяндалат.

**Ачкыч сөздөр:** Кошок жанры, чөлкөм, ата-эне, салттык мурас, улут.

**Аннотация:** В предложенной статье описывается традиционная культура кыргыз народа причитания, при сборе материалов среди народов Ошской и Жалал-Аба областей. Мы особо выделили уникальные материалы и обширно раскроем тему.

**Ключевые слова**: жанр причитания, край, родители, традиционное наследия, наци

Руханий маданиятты изилдөөдө кошоктор жана жоктоо ырлары маанилүү тары этнографиялык булак катары каралып келет. Бирок, тилекке каршы алар тарых, этнол илимдеринде жетишээрлик деңгээлде изилдене элек. Ошондуктан бүгүнкү күндө ил ыкмаларды пайдаланып, көбүрөөк маалымат, булактарды алып калуу зарыл м экендигин максат кылып, Ош жана Жалал-Абад дубандарын кыдырып, эл арасынан б материалдарды чогулттук.

Анда жалпы 110дон ашык информатордон "кошок", "жоктоо", "жар-жар" ж.б. жан жаздырылып алынды. Баса белгилөөчү жагдай кошокчулардын жаш өзгөчөлүгүнө а жасаганда, он – он беш жылдан кийин алардын изин таппай калуу коркунучу бар. Ант токсон жаштан өйдөлөрүнөн – бирөө гана (Супатаева Г., Өзгөн району); сексен бир жа токсонго чейинкилеринен – онго жетпейт (Чоң Алай районунан – М.Шарапова; Ка Кулжа районунан – Б.Арапбаева, Ө.Раимжановна; Өзгөн районунан – С.Абдыкады Кара-Суу районунан – З.Токтоматова, Д.Асанова, Ш.Жумашева, А.Апсатарова); жет бир жаштан сексенге чейинкилеринен - жыйырмадай (Чоң-Алай районунан – А.Акбот К.Акжигитова, К.Исакова, Ж.Абдижалилова, Н.Шарапова; Алай районунан А.Ысамаматова, Т.Саматова, А.Калыкова; Араван районунан – А.Дыйканбаева; Ө районунан – Б.Аккушева, С.Керкибашева, Ж.Эргешова, А.Жолдошева, К.Касы М.Курбанбаева; Кара-Суу районунан – А.Зупуева, К.Кулуева; Сузак районун Ы.Шамшиева, М.Калматова, М.Кыралиева, С.Дооронова); алтымыш бир жаштан жетим чейинкилер – кырктай (Чоң-Алай районунан – Г.Калбаева, Б.Амитова, К.Орм Н.Адилова, А.Саматова; Алай районунан – М.Токтобаева, А.Ташкулова, Ш.Сейдакм К.Маматкулова, Ж.Абрахманова, Б.Мамажанова, К.Турганбаева, У.Матосмонова, Б.Иса А.Алакозова; Кара-Кулжа районунан – М.Сагынбаева, Ж.Раимбердиева, К.Жум Н.Айтназарова, Г.Жээнтаева, З.Жусуматова, К.Жайнакова; Ноокат районун А.Мамасадыкова; Өзгөн районунан – А.Камчыбекова, З.Ташалиева, К.Эрге Р.Мамажанова, С.Жаныбекова, К.Мааданова, А.Апитаева; Кара-Суу районун

Б.Апсаматова, З.Асанова, А.Абдымомунова, Я.Саттарова; Ноокен районунан – Ж.Мисирова; Аксы районунан – Т.Анарбекова, У.Кадырматова; Сузак районунан – С.Нуржанова ж.б.), ал эми отуз жаштан алтымышка чейинкилери – кырктай эле.

Биздин күндөлүк турмушта кошок жанры өчүп бара жаткандай. Бүгүнкү күндө кошокту өлүмгө байланыштуу, болгондо да айыл жерлеринде гана укпасак, шаарларда сейрек угуп калдык. Ал эми кыз узатууга байланыштуу кошоктор айыл жерлеринде деле, анча – мынча, салтыбызда бар эле деген жүйөө менен аткарылбаса, дээрлик соолуп калды.

Кыз бала бойго жетип, турмушка узап баратканда жеңелери чогулуп, кырк өрүмүн жазып, кошогун кошуп, акыл-кеңешин айтып, кыздын чачын кош өрүм кылып өрүшкөн. Бул "кош өрүм чач" деп аталат. Муну менен кыздын эрке-эселектиги кетип, бирөөнүн жары болуп, бирөө менен жуп болгону белгилүү болгон. 61 жаштагы, баргы уруусунан Матосмонова Уулкан апа кыз узатуу кошогунан айтып берди



Беш-бештен өргөн чачыңыз,
Бедерлүү кара кашыңыз.
Беш торпокко кат берсе,
Бергени жатат атаңыз.
Он-ондон өргөн чачыңыз,
Оймодой сонун кашыңыз.
Он жамбыга кат берсе,
Узатмак болду атаңыз [3].

Кыргыз коомунун турмушунда кошок эки гана жолу болот: биринчиси – тиги дүйнөгө кеткенде; экинчиси – кыз узатууда. Өлүм – кандай гана болбосун, диалектикалык мыйзам ченемдүү көрүнүш. Үйлөнүү салтында аткарылуучу «кыз узатуу» кошокторундагы эн башкы идея – акыл-насаат, тарбиялык кеңеш берүү, көңүлүн көтөрүү, бөтөн эл, бөтөн жердин орнунган салт-санаасына ыңгайлашуу. «Кыз узатуу» кошоктору деп элге сиңип кеткени менен, кыздын муңдап, зарлап ыйлаарын тирүүчүлүктүн уланышы, жаңы үй-бүлөдө, башка шартта жашоого кадам шилтөөсү катары кароого болот. Анын үстүнө, кыздын көңүлү күйөөдө болсо деле, анын ыйлап кетүүсү – адат, салт катары эсептелчү. Мындагы эң башкы кошокчулар – энелери, апасы, эже-сиңдилери, жеңелери болот. Кошоктун мазмунун кыздын өсүп-чоңоюшу, эркелиги, мүнөзү, жүрүм-туруму, көз-карашы, келечек тагдыры сыякту ой жүгүртүүлөр түзөт. Ошондой болсо да, кызга акыл-насаат айтуу эң башкы максат катары көрүнөт. Алардын мааниси окшош болгону менен, ар биринин турмуштук, философиялык орду жана өзгөчөлүгү бар [2, 4-5].

Мисалы, Чоң-Алай районунан Сайпилдаева Бусапура эненин кудагыйына кайрылып кошкон кыз узатуу кошогунда:

Көк шумкар бердим таптап ал,
Көк жибек бердим саптап ал.
Уктап калса ойготуң,
Ыйлап калса сооротуң.
Тарбиялап өстүрүп,
Бүлө кылып алыңыз.
Алтындан ийик бойлоп жүр,
Алганың менен тойлоп жүр.
Күмүштөн ийик бойлоп жүр,
Күйөөң менен тойлоп жүр [5].

Ал эми Өзгөн районунун Өстүрүү айылынан Абдуллаева Райкандын кызына таалим-тарбия берген кошогунда болсо:

Барган жерде эрте тур, кызым,
Күн чыкканча жатпагын, кызым.
Эшикти катуу жаппагын, кызым.
Болор-болбос сөз уксаң, кызым,
Бизге келип айтпагын, кызым.
Артылтып камчы салдырба, кызым,
Атаңа наалат алдырба, кызым.
Эңилтип камчы салдырба, кызым,
Энеңе наалат алдырба, кызым.
Кайрылыштан суу алгын, кызым,
Кайын атаңдан дуба алгын, кызым.
Эңилиштен суу алгын, кызым,
Кайын энеңден дуба алгын, кызым [1].

Энелердин кошокторунда акыл, кеңеш берүү, кызына боор тартуу, келечеги үчүн түйшөлүү сезилет. Бөтөн эл-жерде ыплас, орой сөз укпаса экен деп тилейт. Кайын энеси менен кайын атасын, күйөөсүн, тууган-туушкандарын урматтоо, сыйлоо, таазим кылуу – кыздын эң биринчи милдети жана жоопкерчилиги экендиги баса көрсөтүлөт.

Чоң-Алай районунун Жаш-Тилек айылынан Шарапова Мисираттин кыз узатуу кошогунан:

Алганың катуу сөз айтса,
Абайлап сүйлөп кечиргин.
Күйөөң катуу сөз айтса,
Күлүп бир жүрүп кечиргин.
Алганың көөнүн кирдетпе,
«Атаңды», деп бизди тилдетпе…[8].

Келиндин биринчи милдети – кайын атасы менен кайын энесинин батасын алып, алардын наркын-баркын түшүнүп, көңүлүн көтөрүп, алдынан кыя өтпөө. Алардын акыл насааты – ыймандуулук, абийирдүүлүк, адамгерчилик.

Өзгөн районунун Төрт-Көл айылындагы Акымбекова Бактыгүлдүн кошок менен кудагыйга кайрылганы:

Кер жорго минген кудагый,
Кейкеңдебей оозун тарт.
Кейибей өскөн биздин кыз,
Кейитпестен жакшы бак.
Сур жорго минген кудагый,
Сулуусунбай оозун тарт.
Сумсайбай өскөн биздин кыз,
Сумсайтпастан жакшы бак [2].

Кудалардын пикир келишпей калган учурда кыздын энеси кудагыйга кайрылганын 87 жаштагы Кара-Суу районунун Кызыл-Туу айылынын тургуну Токтоматова Зыба апанын кошогунда:

Эки буудай, бир арпа,
Өнүп калган турбайбы.
Арзан базар кыз алып,
Көнүп калган турбайбы [7] – деп мыкты сүрөттөгөн.

Ч.Ч.Валиханов: «Кыргыз эли түгөнгүс кенч, алардын кайталангыс салттары, башка элдердикинен бир топ айырмаланып турат», - деп эң жогору баалаган. Бир эле мисал, маркумдун арбагын сыйлап, ырым-жырымдарды, эскерүү кечелерди өткөрүп, куран түшүрүп турат [1, 121] деп бекеринен айтпаса керек.

Өткөн замандардагы кошок жана жоктоо ырларында тигил же бул тарыхый доорлордо жашаган инсандардын өмүр-таржымалы, ишмердиги, анын генеалогиялык тамыры, ошондой эле ономастикалык көптөгөн аталыштар берилген. Ал эми бүгүнкү учурда мындай кошокторду дээрлик учуратуу кыйын, болсо да бирин-серин. Мисалы,

Капталга улак таштаган,
Акемжан, кан кыпчакты баштаган.
Белеске улак таштаган,
Акемжан, бек уулундай баштаган [6].
Толкуган байлар келди, деп.
Кокондук сарттар чогулаар,
Бээжинге барган кой айдап.
Бээжинде тилла зыңгырап,
Береке кыргыз келди, деп.
Бээжиндик сарттар чогулаар.[4]



Аймактарды кыдырып материал жыйнап жүргөндө эл арасында нукура кошокчулардын саналуу гана калганы биздин зээнибизди кейитти. Жада калса өлүк үстүндө кошок кошулбай, зыйнаты болбой калган учурлардын көп эле болуп жатканын аксакалдарыбыз кайгыруу менен айтышты. Мунун шылтоосу катары диний тыюулар жана жаштардын каада-салтты дээрлик билбей калгандыгы менен байланыштырышты. Чындыгында 2003-жылдары өз алдынча этнографиялык экспедиция уюштурулуп, кошок ырларын жыйнаганыбызда кошокчулардын суюлуп бара жаткандыгына күбө болдук эле. Жыйынтыгында Жалал-Абад областынан топтолгон материалдардын негизинде **"Кошок – [illegible]ды жоктоо жанры"** деген этнографиядык колдонмо ((К.А.Айдаркулов, Н.С.Мырзабаева, В.Э.Анарбекова) – Жалал-Абад, 2014) жарык көргөн. Андан бери туптуура [illegible] жыл өтүптүр.

Биздин жумушчу топко фольклор жыйноодо кошокчуларды табуу өтө кыйынга турду. Анткени салт билген аксакалдар арабыздан суюлуп, кошок деген эмне экендиги жөнүндө түшүнүгү жок кыргыз жаштарын да кезиктирдик. Кошокчу деп издеп барган кыз-келиндер да ырды эстеп, чоң энелеринен жаттап алгандарын, ошондой эле маани-мазмуну өзгөрүлгөн тексттерди жыйнаган учурлар да болбой койгон жок. Региондо бири – бирин кайталаган саптарды көп эле кездештирдик. Албетте, жашы 70-90 жашка чейинки гана байбичелердин айткан саптарында нукуралуулук сакталып калган. Жамакчы кемпирлерди аз гана жолуктурдук. Мисалы, Өзгөн районунун Куршаб айылындагы 86 жаштагы Абдрыкадырова Сапия эне; Кара-Суу районунун Папан айыл өкмөтүнүн Кызыл-Туу айылындагы 88 жаштагы Асанова [illegible], 86 жаштагы Токтоматова Зыба; Чоң-Алай району Жаң-Тилек айылынан 80 жаштагы

Шарапова Мисират; Кара-Кулжа районунан 88 жаштагы Арапбаева Батма; Сузак районунун Жон-Күнгөй алылынан 78 жаштагы Кыралиева Майрамкан, Жаңы-Ачы айылынан 78 жаштагы Шамшиева Ырыс жана Кара-Дарыя айылынан 72 жаштагы Калматова Майрам энелер.



Ошондой эле устатым тарых илимдеринин доктору, профессор Кененсариев Ташманбет агайымдын жетекчилигинде "XIX-XX кк. башындагы кыргыз тарыхый инсандарынын ишмердиги фольклордук материалдарда" деген аталышта кандидаттык илимий даражамды коргодум. Мында дагы жетекчим экөөз жыйналган талаа материалдарына тарыхый-этнографиклык серсп салып, бир канча илимий макалаларыбызды республикалык жана чет өлкөлүк журналдарда жарык көрдү. **"Кошок-кыргыз элинин салттык мурасы. Материалдардын жыйнагы"** деген илимий-популярдык жыйнактын ((В.Э.Анарбекова, Э.А.Авазов, Г.А.Анарбаева, Ө.С.Дооранов, Н.С.Мырзабаева, Д.Э.Кадырбава, М.К.Нарматов.) - Жалал-Абад, 2019.) басмадан чыгышында да өз илимий кеңешин аябай, сын пикирин билдирди. Менин агайымда шакирт тарбиялоо идеясы мыкты өнүккөн жана мындай усул шакирттери үчүн ар дайым үлгү боло алат.

Биздин көз карашыбызда кеч болуп кала электе эл аралап салттык мурасты жыйнап калуу зарыл. Азыркы коомдо кошокчулардын акыркы муундары жашап жаткандай.

Сунуш катары мындай салттык мурастарды сактоо жана жайылтуу мыйзам ченемдүүлүк. Ар бир аймактагы информаторлордон материал жыйнап (аудио – видео, фото) бир четтен изилдөө зарыл. Ата салтын уланткан, бар бол кыргыз элим!

**Колдонулган адабияттар:**


1. Абдуллаева Райкан. Өзгөн району, Өстүрүү айылы. 2018-жыл.
2. Акымбекова Бактыгүл. Өзгөн районун, Төрт-Көл айылы. 2018-жыл.
3. Матосмонова Уулкан. Алай району, Гүлчө. 2018-жыл.
4. Супатаева Гүлбара. Өзгөн району, Өстүрүү айылы. 2018-жыл.
5. Сайпилдаева Бусапура. Чоң-Алай району, 2018-жыл
6. Ташалиева Зуурақан. Өзгөн району, Төрт-Көл айылы. 2018-жыл.
7. Токтоматова Зыба. Кара-Суу району, Кызыл-Туу айылы. 2018-жыл.
8. Шарапова Мисират. Чоң-Алай району, Жаш-Тилек айылы. 2018-жыл.
9. Китептер:
10. Валиханов В.В. Собрание сочинений. – Алма – Ата: Изд-во АН КазССР, 1961. – т – 1.
11. Кошок-кыргыз элинин салттык мурасы. Материалдардын жыйнагы. /Түз. Анарбекова В.Э., Авазов Э.А., Анарбаева Г.А. // – Жалал-Абад, 2018.